# ЭЧКИЛЕРДИН СОГУШУ

комедия в одном действии

## ЭНТОНИ ДЖОН ВЕНДТ

Орус тилинен которгон Жылдыз Абдыгазиева

Война Коз

Автор: Энтони Джон Вендт
Кыргызский Перевод: Жылдыз Абдыгазиева

© 2015

Гриннелльский Колледж
1115 8th Avenue
Grinnell, Iowa 50112
США

## Киришүү

Пьеса айыл чарба закондорун ишке ашырууга байланыштуу татаал маселелердин бетин ачат. Кыргыз Республикасы 2009 жылы «Жайыттар жөнүндөгү» законун кабыл алышкан. Ал закондо буга чейин колдонулуп келген жайыттарды чогуу колдонуу системасы жөнүндө айтылат. Бирок, закон кабыл алынгандан 6 жыл өтсө да, жайытты башкаруу органдары менен жайытты колдонуучулардын ортосунда бөлүнүү сакталууда. Пьесанын максаты- критикалык ой жүгүртүүгө жана жер жөнүндөгү маселелер боюнча диалогторго колдоо көрсөтүү.

Пьесанын өзгөчөлүгү бул анын текстинде чыныгы малчылардын сөздөрү колодонулгандыгында. Ошондуктан чыгарма чоң мааниге жана индивидуалдык мааниге ээ. Автор үчүн жөнөкөй жайытта жана айыл жергесинде эл колдонгон сөздү өзгөртпөй коюу абдан маанилүү болду, ошого байланыштуу алардын орфография, лексика жана фонетикасы оригинал түрүндө сакталды.

Көрүүчүлөр жана окурмандар бул чыгарма аркылуу жайыттарды жакшыртуу үчүн өзүлөрүнүн концептуалдык стратегияларын таба алат деп автор ишенет.

**Катышуучулар:**

*Баяндоочу:* Чабан болуп эмгектенген жаш улан.Кайраттуу, көрүүчүлөр менен көп өз ара аракеттешет.

*Эчки 1 жана 2:*шыктуу жана картаң. Адам же жаныбар болуп кийине алышат.

*Башкарма*: катуу, тапкыч адам, өзун професионалдуу алып жүрөт.

*Сурак:* Жаш улан же кыз. Акылсыз, бирок лоялдуу ((өзү алган милдеттенмелерди орундоочу, жашап турган бийликке ак ниеттик менен карап, ага баш ийүүчү).

*Антон:* Америкадан келген жаш бала. Кыргыз тилин жакшы билбейт, акцент менен сүйлөйт.

*Нурбек жана фермерлер1,2,3*: Карапайым малчылар, орус тилин жакшы билишпейт.

**Көшөгө 1**

Баяндоочу: *(Пауза):* Жайытта жалгыз болгон абдан кыйын. Айланада мындай жымжырт болуп турганда кантип туура ой жугуртуу керек? Улактардын шашпай чоңойгонун көрүү бул кандай гана жалгыздык. *(үшкүрүк. Пауза. Айланасын карайт.)* өйдө чыгуу, ылдый түшүү, баягы эле нерселер кайталанат. *(шылдыңдап, ишенбегендик менен)* Бул биздин салт, ээ? Бирок азыр эмнеге мындай жымжырттык? *(күлөт)...* улактардын маараганы, алардын чөп чайнагандарынын үнү жымжыртка кошулат. Акылымдан адашып баратам. *(чакага отурат, мал менен жалгыз. Балдарга жомок айтып берип жаткандай өзү менен өзү сүйлөшөт)* Чоң атам бул жерди жакшы көрчү. Союз убагында, аны айылдагы эң даанышман чабан катары билишчү эле.Мен ага жайытка күндө келгенимди билем, айлана жымжырт, жалаң мал. Тоодогу жашоону жакшы түшүүнөрүн билчүмүн. Чоң атамдан кантип чөп дем аларын, малдын кантип кыймылдарын, жайыт убакыт өткөн сайын кантип өзгөрөөрүн үйрөнгөнмүн *(эмоционалдуу боло баштайт)*....Чон атам жайытты көпкө караганы эсимде. Мен дайыма ал кандай дүйнөнү көрсө, мен да ошондой көргүм келчү. Кичинекей кезимде чоң атам жер жүзүн эртеден кечке ары бери чуркаган чабандай көрчү деп ойлочумун. *(пауза)*. Кичинекей бала ушуга ишенчү да. *(кулот)*

**Көшөгө 2**

Баяндоочу*:* Чоң атам көп айткан жомоктордун ичинен мага жакканы бул Эчкилердин Согушу деген жомок. Азыр айтып берейин. Илгери, мындан көп жыл мурда жайыттарда эчкилердин эки үйүру болуптур. Ар бир үйүрдү бирден эркек эчки башкарып турган. Алар жайыттарын тоонун батышын карай, экинчиси чыгышын карай ээлешкен *(колу менен көрсөтөт*). Ар жылы жай мезгилинде үйүрдун башчылары калгандарын жайлоого айдап келип турушчу. Эки үйүрдүн ортосунда кандайдыр бир келишкендик бар эле, ортолорунан эч кандай уруш чыккан жок. Бирок бул жай мезгилинде болуп көрбөгөндөй ысык болду. Жайытка бир да тамчы жаан жааган жок. Кургакчылык келип, күндүн ысыгынан батыш тараптагы чөптөр кургай баштады, себеби ал жерде кун

көпкө тийип турду. Батыш жактагы жайыттын башкы эчкиси озунун эчкилерине күч, дем бергиси келди. *(эчки болуп сакалын кармап, тепкиленет). (адамча)* Жем калбады, ачкачылык келди. Батыш тараптагы үйүрдун башкы эчкиси ыкмалуу, дипломатиялык жол байкап көрдү- тиги чыгыштагы үйүрдун башкы эчкиси менен сүйлөшүүгө аракет кылды. Бирок ал жардам бергиси келбеди, ошентип алар макулдукка келе алышкан жок. *(эчки болуп кирет. Маарап, сахнанын арт жагына кирип кетет. Эки эчки чыгат.)*

Эчки 1: Биз эмнеге урушуп кеттик? Бул биздин көптөн бери чогуу колдонуп келе жаткан жайытыбыз го. Биздин ата-бабаларыбыз ушул чөп менен улактарын багышкан, бизде да кургакчылык болчу, бирок биз аны жеңип, тирүү калчубуз. Биз эмнеге азыр бактысызбыз?

Эчки 2: Мееееее (*маарайт*). Сенин көзүң көрбөй калганбы, силерге биздин жайыттын, биздин үйүбүздүн өзгөрүп баратканын байкабай жатасынбы? Мурда, билесиңби, биз жайытта каалаганча жүрө берчүбүз. Жерди сезип, мезгилдер менен гармонияда...... бирок азыр эмне болду? Жанга бата турган кургакчылык келди, бирок бул биздин чатагыбызды актабайт. Малдын арасында кыймыл башталды- эчкилер өзүлөрүнүн жайытын, үйүн бөлүштүрүп алгысы келишти *(эчки болуп маарап секирет.....)*

*Баяндоочу эчкини ойноп жаткан актерлор менен бир катарда марш менен жүрүшөт. Бир көз ирмемден кийин, баяндоочу турат, башкалары өзүлөрүнүн жеринин айланасында жайытты бөлүштүрүүнүн стратегиясын көрсөтүп марш менен жүрүшөт.*

Баяндоочу: Мына эми бөлүштүрүүнүн планын түзүп алдык. Эчкилер биринин артынан бири марш менен жүрө башташты. Ар бир кадам менен, алар жерди терендетип каза башташты *(казып жаткандарын көрсөтөт)*

Эчки 1: Ары, дагы ары! Мееeee! Тоонун бул жагында, чөп бар жерде биз өсүп өнүгөбүз! А сен-өзүн билгендей кыл. Чөбү, жеми, карым-катнашы жок андан ары улантууга мүмкүн эмес.

Эчки 2: Улантабыз!Теренирээк! Бул жайыт биздин уруунун салттарын сактагандар үчүн ачык. Сенин чөбүн бизди, озүнүн жолу менен кеткендерди, бакпай калды.

Баяндоочу: *(Кайра чакага отурат, балдарга жомок айтып берип жаткансып).* Чынын айтсам, бул абсурд, маанисиз нерсе.Бирок бул чоң атам айткан бардык жомокторунда ….. болчу *(узакка ушкүрөт).* Ал өзүнүн жайытын жанындай көрчү, ар бир койду таанычу, аларды сыйлачу. *(күлөт)* Ар бир анын жомогу «жердин жаны» же «үйүм жайыт» жөнүндө экени кызык. Албетте, мына чабандар-мына жашоо. Жашоо бул жерде, жайытта, мал менен.Тарых салтты өзгөртүп жатканы өзүнчө кызык. Саясат дагы жайытта чөптөй болуп бат-баттан тарап баратат. Бул да абдан күлкүмүштүү. *(кыска күлөт).* Көрүнбөгөн тосмо жашыл жайыттарды кол тийбес кылып жатканы да кызык. *(акырын)* Чоң атам буга эмне деп айтмак?

**Көшөгө 3**

*Эчкилер кайрадан бир нече мүнөт марш менен басышат.Эчкилер чыгышат. Баяндоочу көрүүчүлөргө кайрылат. Ал марштын аягын түшүндүрөт.*

Баяндооочу: Ошентип эки үйүр көп күн өткөрүштү. Марш, марш анан дагы марш. Алардын басымынын аягында узун терен аң пайда болду. Эчкилер аңдын ичинде караңгыда, топурактын арасында касып жатышты. Ошентип алар аңдан чыгып эки жагын караштьі. Алар абдан булганышыптыр. Топурак- чаңдан чарчаган көздөр көрүнүп турду. Ачууланган эчкилердин башчысы чек арага келип катуу жана муңдуу маарады. Эчкилердин баары тарап

кетишиптир. Бул окуядан кийин эчкилерге кыйын учур келди. Жайлоону эч ким колдонбоду, эч ким өзүнүн жерин бошоткон жок. Көптөгөн убакыт өттү, убакыт менен жер да жаман боло баштады. Мына чөптү кара…..*(кичинеден чөп жулат)* күйүп кеткен. *(колуна чөпту кысат. Чоң атасын ойлоп эмоционалдуу боло баштайт)* Чоң ата………

*Пауза. …………………………………………. өйдө туруп, чачын кармалайт, кайгылуу ойлоно баштайт. Кайра чакага отурат. Эчкинин улагын алып, чон көздөрү менен бетине карайт. Эчкиге сүйлөйт.*

Баяндоочу: Сен чоң атам кантип жомок айтып бергенини эстечи. Тилекке каршы, мен айтканда чоң атамдыкындай сезимдер жок болуп жатат…. *(Пауза)* Кандай гана берилчү эле………*(Чөнтөгүнөн бирдеме кармап көрүп, алып чыгат)* А мына…. *(өзү ойлоп алган улактарга көрсөтөт)* жайыттын билети. Канча баш дейт? *(Эчкилерге карай)* Бир, эки, үч…….. төрт……*(пауза……. Тынчы кете баштайт*) беш… Фу! Менде 20 баш мал бар, мен да төлөчүмүн. Баары төлөйт! Эмнеге айтчы? *(эчкиден сурамак болуп энкейет*)Э? Көпүрөлөр барбы? Жок. Жолдор? Эч кандай жолдор жок. *(Колундагы кагазды бырыштырып артына ыргытат. Пауза.Ойлонот. Ылдам туруп, кайра кагазды алат. Аны карап, окуйт, баштыгына барат, гезит таап алат. Окуйт)*

« Законго ылайык бардык жайыттар айыл өкмөтүнүн башкаруусуна өтөт…..» Айыл өкмөтү, ха! Биз жайыттарды өзүбүз эле башкарып алабыз. Фермерлер төлөгөн акчалар кантип колодонуларын бир кудай билет. *(шылдыңдап)*.

«Айыл өкмөтүнүн башкаруусуна……» *(кайра отурат, бирок чакага эмес жерге)*. Алар малды кашаага киргизгенсип бизди да мал көрүп жатканын кара! Бул туура эмес. *(эчкиче маарайт. Колу менен мүйүз жасайт)*. Мееееe….. *(көрүүчүлөргө карайт, төрт буттап отурат*) А мен киммин? Эчкиминби? Жомоктогудай, чабандар өзүлөрүнүн башчысынын артынан, жайыт комитеттин артынан же кимдир бирөөнүн артынан ээрчишет. Жок болсо деле ээрчишет. Эч ким эч нерсе талап кылбайт, комитет бизди алдыга түрткүлөйт.

*Кайрадан марш башталат. Бир рече көз ирмемден кийин,башка киши кирип келет. Ал фермер болот. Ал баяндоочуну көпкө үнсүз карайт. Андан соң ийнин куушуруп коюп марштап баштайт. Кичине убакыттан кийин, экинчи адам кирип дал ушундай кылат. Сахнанын айланасында бир нече секунда марш менен басышат. Баары чыгып кетишет.*

**Көшөгө 4**

*Белгисиз адам чыгат. Бул адам жайыт комитетинин башкармасы болот. Ал офисте отурган болот, портфелинен документтерди алып чыгат. Көз айнегин оңдоп окуп баштайт. Бир нече убакыттан кийин өзү менен сүйлөшө баштайт.*

Башкарма: Бул эми көпүрөлөрдү куруу оңой эмес. Биз жада калса малдарды каякка, качан айдарыбызды билбейбиз. Койлор сүзгөндү үйрөнсө жакшы болмок, дарыя өзү бизге кайсыл жерге көпүрө коюшту айтса андан да жакшы болмок. Малчылар эч качан макулдашууга келишпейт, аны кудай да билет…… *(кабагын бүркөп окуганын улантат. Жардамчысы Сурак кирип келет)*

Сурак:Ассалам алейкум. Баардыгы жайындабы, шеф? Сизге эч нерсе кереги жокпу?

Башкарма: Кандай, Сурак. Баары жайында. Менимче, эч кимиси көпүрөнү кайда курушту билишпейт. Биз эчак эле баарына көпүрөнү куруп беребиз деп койгонбуз, бирок күндө эле жаңы келишпестик, план менен жаңы проблема …………….

Сурак: Бул проблемабы, шеф?

Башкарма: (ызалана карап) Ооба, проблема.

Сурак: Кандай проблема?

Башкарма: План

Сурак: План менен кандайча

Башкарма: Малчылар арасында……

Сурак: Жылда болуучубу?

Башкарма: Планбы?

Сурак: Жок, проблема. Же уюмдун планыбы?

Башкарма: Жайытты башкаруу боюнчабы?

Сурак: Каалаганыңыздай болсун, шеф. Туурабы?
Башкарма: Сурак! Эмне эле деп жатасын?

Сурак: Эмне деп жатам, шеф?

Башкарма: *(Пауза. Кайра отурат*). Бүгүн жайытка мени менен барасынбы?

Сурак: Бүгүнбү шеф? Канчада?

Башкарма: Бир сааттан кийин барабыз.

*Сурак чыгып кетет. Башкарма портфелин кармап терезеге келет. Тоолорду карайт.*

Башкарма: Тан калычтуу. Кечке сурайт, бирок жооп такыр келбейт. (*Пауза*) келбейт……

**Көшөгө 5**

*Эчкилер сахнанын эки башка жагынан чыгышат. Бири бирин көздөй басышат. Экөөнүн ортосунда 2 метрдей калганда, токтошуп ордунан басышат. Алардын ортосунан касылган узун аң жатат. Ушинтип көпкө басышат. Аларга оңтойсуз боло баштайт.*

Эчки 1: Мунун болушу мүмкүн эмес эле. Бул сенин колунан жаралган иш.
Эчки 2: Менинби? Биз жерди бөлүп алып атканда сен эмне жөн эле карап турдунбу? Жок! Бул ишти биз чогуу жасадык, эми азыр өкүнгөндө

эмне. Баарыбыз күнөлүүбүз, мунун баарына өзүбүз гана күнөөлүбүз.

Эчки 1: Айтчы мага, эмне үчүн? Ооба, баарын өзүбүз эле жасадык. Бирок бул жаман жорук. Азыр эми бизде ачкачылык, баары тынчсызданууда.Тартип жок. Бирок бул бөлүнүүнү жеңсе болот. Мен сени билем го. Биздин оюбуз бир. Мурда кандай сонун болгону эсимде.

Эчки 2: Ал убакыт эсимде.. Ал заман чындыгында сонун эле, биз баарыбыз жайыттагы жашообуз жакшы улансын деп күйүп турчубуз. Ал жашообузда мындай узун аң болгону эсимде жок. Түшүнүксүз.

Эчки 1: Ооба түшүнүксүз. Бирок жеңсек болот. Мени карачы. Мени угуп жатасынбы? Жай кайра кетти, эми ылдыйга түшүп, кыштайбыз. Анан эмне кылабыз? Ооба, жаз келет. Кайра өйдө чыгабыз. Бул цикл, кайталып турчу көрүнүш. Бирок цикл да өзгөрүлөт. өткөн жай кургак болду, азыр болсо баары жакшы.

Эчки 2: Мен билбейм. Мен көнүп калдым, өзгөрүүнү каалабайм.

Эчки 1: Мына карачы! Аңды көрчү. Бул өзгөрүү.

Эчки 2: ммммм……

Эчки 1: (Пауза) Адаттарды таштоо абдан кыйын. Бул тарых бул эсте калчу нерселер. Бирок бул дайыма эле боло бербейт. Биз тарыхта жашабайбыз. Жайытыбыз тааныбачудай өзгөрүлүптүр. Ушул учурдан пайдаланып, жайытты оңдосок болот. Бул үчүн экөөбүз чогуу эмгектенишибиз керек. Жайыт өзгөрүлүп жатат, муну баары көрүп жатышат, бирок өзгөрүү жакшы жакка болсун.

Эчки 2: А эмне кылмак элек? Арадан бир жыл өттү, карыгандар бул дүйнөдөн кетти, козулар туулду, бирок азыр баары бир бири бирибизди жакшы түшүнө албайбыз.

Эчки 1: Биз бири-бирибизди түшүнгөнгө аракет кылсак болот. Бул мүмкүн.

*Башкы эчкилер ордунан акырын марш менен дагы эле басышат. Баштарын ийкешет. Баяндоочу колундагы чакасы менен кирип келет. Отурат. Жомок айтып жаткансып кайрадан баштайт.*

Баяндоочу: Ушинтип чоң атам айткан. Эчкилер өзүлөрүнүн чатактарын чечип жатканда, жөн эле жайыттарын кошкулары келип жатканда, мага жомок кызыксыз болуп калчу. Мага жакшы турмуш менен аяктаган жомоктор жакпайт. Чыр-чатак, келишпестик кайда? Толкундоо кайда? Чоң атам чыр-чатактарды жактырчу эмес. Жайытта жүргөнүбүздө, баары жакшы болуп туруш керек дечү. Мына эми андан бери 10-20 жыл өттү, бул жерде баягы эле чакада отурам, бул эмне жакшыбы? Жок, мындан зеригем. Анан азыркы жайыттарды бөлүштүрүү чоң атамдыкындай биздин проблема эмес. Азыркы жайытты бөлүштүрүү колдонуучулар кимдин жери экенин билбей жаткан үчүн болуп жатат. Алар комитет биздин акча менен эмне кыларын түшүнбөй жатышат. Бул биздин да бөлүүнүбүз, мына узун аң бизде да көпүрө жок. Эчкилер сыяктуу эле. Гмм. *(Пауза. Эчкилер менен сүйлөшүп жатканын түшүнөт. өзүн акылдан адаштым деп ойлойт)* Мен эчкилер менен сүйлөшүп жаткан турбаймынбы……. *(Турат)*. Чын эле турбайбы! Сен эчки, сен эчки, сен жана сен…… Элдер кайда деги? Мал менен чөлдө…… эч ким мени уккан жок!

*Чакасын алып, сахнадан чыгып кетет. Ушул эле убакта, сахнанын жагынан комитет башчы жардамчысы менен кирип келет. Алар кайрадан офисте.*

Башкарма: Эч ким эч нерсени талап кылган жок! Элдин ою жок мен кантип копуро курам? Мал баккандан башка эч нерсени билишпейт. Бири-бирибиз менен суйлошпосок кантип копуро курабыз?

Сурак: Бул эмнеге? Сиз жон эле бир жерге копуро салып койсонуз болбойбу?

Башкарма: Сурак. Бул оной иш эмес. Жон эле бир жерге куруп койсок, бироого пайдасы тиерин кайдан билебиз? Акча менен пайдалуу эмне кылдык?

Сурак: Балким, пайдасы бар, пайдасы жогу анча деле маанилуу эмес го?

Башкарма: Менин оюмча, бул маанилуу.

Сурак: Маанилуусубу?

Башкарма: Пайдалуусу.

Сурак: Бул маанилуубу?

Башкарма: Ооба.

Сурак: Айылдабы? Маанилуубу?

Башкарма: Жайыттырда! Бул пайдалуулугу!

Сурак: Маанилуу болуусубу, шеф?

Башкарма: Пайдалуу болуусу.

Сурак: Мындайча айтканда, пайдалуу болуусу бул маанилуу да ээ?

Башкарма: Ооба, Сурак. Ооба. *(Пауза)*

*Сахнада тигил жактан бир адам чыгат. Ал америкадан болот.Сахнада онойсуз болуп турганын сезди.*

Антон: Саламатсыздарбы…..
Башкарма: ……..Саламатчылык.
Сурак: *(Пауза. Берилуу менен)* Саламатчылык!

Антон: Менин атым Антон. Мен студентмин, озум Америкаданмын. Мен азыр «Жайыттыр жонундогу» законунарды жакшы тушунуш учун изилдоо жургузуп жатам. Жана мен ал закондун жайыт колдонуучуларга кандай таасир этерин тушунуш учун да изилдеп жатам.

Башкарма: Жайыт колдонуучулар да, закон да жайында. Жакшы. *(Терезеге барып, портфелин салыштырат. Сурак тушунбой карайт)*

Антон: Ообы баары жакшы, туура. Бирок мен жайытта эмгектенген элдер менен сүйлөшөйүн дедим эле.

Башкарма: Мен эмне, жайытта эмгектенбейминби?

Антон: Ооба. Албетте, сиз ал жерде эмгектенесиз! (баары жылмайышат, күлүшөт) Мен бул жакка чабандар менен сүйлөшөйүн деп келгенмин. Мага жардам бере аласызбы?

Башкарма: *(Пауза. Кагаздарды карайт).* Мүмкүн. Бугун биз маалыматтарды топтоо жана талдоо ишин жүргүзөбүз, эл менен инфраструктура жөнүндө сүйлөшөбүз, кыскача көпүрө жөнүндө *(кыска пауза)*…..Сиз макул болсоңуз, биз менен барсаңыз болот.

**Көшөгө 6**

Баяндоочу: Эчкилер болсо аңды чөп чогултуп толтура башташты. Бул оңой иш болгон жок- бул үчүн биринчи чөптү жулуш керек, анан аңга алып барып ыргытыш керек. Анды толтуруу үчүн көп эмгектеништi….. *(Пауза)* Ушул жерге келгенде чоң атам толкунданып кетчү. *(Ордунан турат, чоң көздөрү менен чоң атасын туурайт)* Анды толтуруш үчүн канча чөп чогултуш керек экенин билесиңерби, ыя? *(Көрүүчүлөрдөн жооп күтөт. Пауза)* Мен да билбейм. Канчалаган миллион чөп керек! Узунунан касылган аң, бул метафора да. Бул чындыгындагы аң эмес, аны биз каймана маанисинде колдондук. Ал мунун, тигинин символу деп ля ля ля деп айтып кете берчү *(баяндоочу катары).* Мына ушул жерден менин жаш оюм башка жерге бурулуп кетчү…….. Эгерде мен ошондо азыркыдай болуп жайытты колдонуу өзгөрөрүн билгенде кунт коюп жакшы укмакмын да……*(токтойт, колу менен бетин жабат. Сахнанын эки жагынан эчкилер чыгышат. Алар сахнанын ортосуна чөптү ыргытышат. Кайталанат.)*

Эчки 1: Тууганым! Досум менин, кел бул жакка, мына кара!

Эчки 2: Бүткөнө калдык. Мына эми көпүрө куруп алдык. Азаматсынар *(өзүнүн үйүрүнө барып айтат)* Достор! Эми чек ара жок!

Эчки 1: Кел, досум. Кел биякка, бул жерде жаңы чөп, ачкачылык деген жок. Келгиле, биринчи кадамынарды кылгыла.

Эчки 2: Бул биринчи кадам эмес, тууганым. Бул чогуу жайыт колдонуунун калыбына келтирүү убактысы.

*Акырындан чөптү басат. Пауза. Башка үйүрдүн башкы эчкисинин жанына турат.*

**Көшөгө 7**

*Бардык катышуучулар сахнадан чыгып кетишет. Сахна акырын болуп калат. Антон,башкарма жана Сурак кирип келишет. Антон толкунданат. Айылдагы сарайда болушат.*

Антон: Эл менен ушул жерден сүйлөшөбүзбү? Сарайдабы?

Башкарма: Бул жер сизге болбойбу?

Сурак: Сарайбы?

Башкарма: *(ачууланып)* Сенден сураган жокмун, Сурак!

Антон: Жок, жок, жок, бардыгы жакшы, баштайлы.

Башкарма: Мына. Отур. Суук эмеспи?

Сурак: Же ысык эмеспи?

Башкарма: Сурак……

Антон: Баары жакшы. Рахмат. *(Пауза)*

Башкарма: Таааак……. Азыр биринчи чабан менен жолугабыз.

Антон: Жакшы.

Сурак: Мына ал.

*Чабан кирип келет. Эмне болорун билбей, жай басып келет.*

Башкарма: Нурбек, салам алейкум.

Нурбек: Алейкум ас-салам. Иштериңиз кандай?

Башкарма: Болот, рахмат. Кел эми, отур *(колдору менен учурашып, анан отурушат)* Таанышып ал, бул Антон, жайыт жөнүндөгү закон тууралуу сени менен сүйлөшкүсү келип жатат.

Нурбек: Америкалык го, ээ?

Башкарма: Ооба, америкадан. *(Башкарма Нурбек экөө тең жылмайышат)*

Нурбек: Баштайлы.

Башкарма: Макул, сурагыла, сүйлөшкүлө…… Мен барып, тиги көпүрө эмне болуп атканын билип келейин.

Антон: *(Пауза)* Биздин сүйлөшкөнүбүздү диктафонго жаздырсам болобу?

Нурбек: Мейли.

Антон: Рахмат. Мен жайыт колдонуу жөнүндө кичине суроолорум бар эле. Биринчиден, бул закондун максаты эмне деп ойлойсуз?

Нурбек: Закондун максаты- жайыттарды жакшыртуу.Биз азыр көп нерсени билбейбиз. Жайыт комитетибиз, жайытты кантип колдонуу керектигин үйрөтүп жатат.*(Пауза. Антон кыскача жазат)* Маалымат топтоп, анан аны түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт, андан кийин чоң чогулуш жасап, анда кантип иштеш керектиги, пландар, кайсы жайыттар өтө начарлап кеткендиги, аларды кантип жакшыртуу керектиги талкууланат.

Антон: Жакшы. (*Пауза. Жазат*) Чабандар бул законду түшүнбөгөн учурлар болобу?

Нурбек: Мурда, законду биринчи айылдарда угушканда, элдер көп түшүнгөн жок. Бирок азыр акча төлөш керек экендигин билишет. Закон бар экенини азыр түшүнүшөт.

Антон: Ар бир баш учун акча төлөө алар учун кызыктай эмеспи? Бат-баттан комитеттен бир нерселерди талап кылып турушабы, мисалы: бизге бир нерсе деп жетишпейт деп айтып, маалымат сурап дегендей?

Нурбек: Ким комитет менен иштешкиси келсе (суроолорду сурап дегендей) ошолор төлөшөт. Мурда бул акысыз болчу, азыр малчылар төлөшөт, анан жайыт комитеттен жайытын сактап калыш учун эмне кылыш керектигин, кантип жакшыртып турушту сурап турушат. *(телефону чырылдайт)*. Ооба, сурап турушат. Азыр, кечирип коюнуз…… *(ары басып кетет, телефон менен сүйлөшөт)*….Ии жакшы, жакшы. Кандайсыз?.... Аа, рахмат.

*Антон таң калып отуруп калат. Жазганын улантат. Жалгыз. Аңгыча болбой башка фермер кирип келет. Толкунданып отургучка отурат, Антонду карайт.*

Антон: Сиз фермерсизби?

Фермер: Ооба, мен фермермин. Мени менен сүйлөшөйүн дедиңиз беле?

Антон: Албетте. Закон жөнүндөбү? Бул жерде закон эмне кылып жатат деп ойлойсуз?

Фермер: *(жай суйлойт, орус тилинде жакшы суйлой албайт)* 2009 жылдагы бул закон, бул эле жылы жайыт комитети түзүлгөн да, ээ? Законду жайыт комитети кабыл алган.

Антон: Комитет эмне кылат?

Фермер 1: Биринчиден, чек араларды……. белгилешпедиби. Комитеттин мына… 4 миңдей…… 4740 гектар жайыты бар, кыскачасы. Ооба, жайыт. Анын ичинен эки……. 2885ин биз колдонобуз. Анын ичинен дагы канча бир гектарга мал барбайт. Бирок комитет……биз мал багуу учун жайыттарды бөлүштүрөбүз. Азыр жакшы эле иштеп жатабыз. Ошо……

*Дагы фермер кирет, колунда стул. Отурат. Жөнөкөй тил менен сүйлөйт. Антон жазат.*

Фермер 2: Жергиликтүү кенеш кылган план бар. Жайыттардагы жолдорду жасашат. Союз убагында өкмөт жол жасачу ээ? Бирок 20-30 жыл эч кандай жол жасашкан жок да.

*Башка фермер кирет.*

Фермер 3: Союзга чейин бардыгы туура болчу. Союз убагында да. А союз таркагандан кийин, жайыттыр начарлап кетти. Жерди эч ким алгысы келген жок. Ким ушундай начар жерлерди алгысы келсин? Азыр болсо баары жакшы.

Фермер 1: Биздин проблемабыз-техника. Жайыттырда техника болсо жакшы болмок.

Фермер 2: Биздин бюджет аз. Малчылар жакшы эле төлөшөт, бирок бул акча баары бир аз.

Фермер 1: Жерге акча төлөбөгөн малчылар да бар. Транспорт учун, жайыттырду жакшыртыш учун, маалымат топтоо үчүн бюджетте акча аз.

Фермер 3: Комитет эмне кылып жатат? Кыскасы- жол куруп жатышат. Инфраструктура….

Фермер 2: Жайыт колдонуубу? Муну алар башкарышпайт. Биз көнгөнбүз, аякта өткөн жылы, андан мурдагы жылы мал бакканбыз. Жайында ал жакка кайра кетебиз, комитет башкарбайт. Законго бардыгына карабай.

Фермер 1: Алар бизге дайыма жайытта жардам беришет. Кандайдыр бир суроо болсо, чечебиз. Мына, айыл өкмөтү. Мурдагыдан жакшы болуп калды.

Фермер 3: Бизге жайыт билетин беришти. Канча… баш үчүн ээ? Жайыттар жакшы болуп калды, биз карап жатабыз.

Фермер 2: Комитет го-жакшы. Бирок тиги ар бир малга паспорт деген …. бул кереги жок нерсе. Мен буга каршымын. Сенде, мисалы жүз кой бар, анан сенде жүз паспорт болуш керек (баары күлүшөт). Баарына паспорт кылыш керек: койго, козуга, торпокко….. бул кимге кереги бар. Жумушу көп, акчасы да көп…….

Фермер 3: Азыр баары бир мурдагыдан жакшы. Жайыт учун биз акча төлөп жатабыз, бул акчага алар кичинеден болсо да жолдорду жасап жатышат.

Фермер 2: Алар деги акчаны каякка кетиришет? Мен эчтекени билбейм, эч нерсесин көргөн жокмун. Комитет акча керек болгондо эле көрүнүп калат.Келет да, анан «налогду бер,аттын башы учун 30 сом, бир кой 6 сом, келе!». Келет да, акча чогултат.

Антон: (Көрүүчүлөргө) А силер бул жөнүндө кандай ойлойсунар? Комитет жанан малчылардын ортосундагы мамилер жөнүндө силердин оюңар кандай?

*Көрүүчүлөр чыгып өзүлөрүнүн ою менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгү бар. Фермерлер чыгып кетишет. Антон уккандарын жазганды улантат. Бир нече көз ирмемден кийин, Сурак кирип келет, отурат. Антон аны байкабайт.*

Сурак: Кандай болду?

Антон: (коркуп кетет) О! Баары жакшы – закон жонундо алардын жакшы ойлору бар экен. Менимче, бул жерде комитет жакшы эле иштейт экен, бирок кандайдыр бир бөлүнүү бар. Баары комитет эмне кылышы экенин билишет экен….. Жол куруу, план түзүү, чогулуштарды уюштуруу жана башкалар. Бирок результаты дайыма эле көрүнбөйт.

Сурак: Эмнеге?

Антон: Бир нерсе жетишпейт…….

Сурак: Суроолорбу?

Антон: Талаптар. Талаптар жетишпейт.

Сурак: (*кысылгансып*) Гммм……

*Башкарма бат-баттан басып кирип келет.*

Башкарма: Мындай болбойт. Көпүрө өзү эле курулуп калбайт.

Сурак: Бул мындай болбошу керекпи, же бул ыңгайсызбы?

Башкарма: Бул чечилген жок.

Сурак: Көпүрө чечилбей жатабы?

Башкарма: Сурак!

Сурак: Шеф……

Антон: Эми эмне кылыш керек?

Башкарма: Жүргүлө, тиги сууга барабыз.

*Баары чыгып кетишет.*

**Көшөгө 8**

*Баяндоочу кайра чакага отуруп алып, өзү ойлоп алган эчкилерге айтып берет.*

Баяндоочу: Мына көрдүнөрбү? (*жайыт билеттерин жана башка документтерди көрсөтөт)* биякта мынтип жазылып турат *(кыйналып тексттен издейт)* «……..Жайыттарды колдонуудан жана башка ресурстардан түшкөн киреше Кыргыз республикасынын законлоруна ылайык жайыт инфраструктурасын жакшыртууга, башкарууга жана кармоого кетирилет.» А биздин инфраструктура кайда? Жомоктогудай, көпүрөнү өзүбүз курушубуз керекпи?

*Алыстан башкарманы, Суракты жана Антонду көрөт. Коркуп кетет, анткени жайытта кишилерди көрүү бул сейрек.*

Баяндоочу: Бул кимдер болду экен?

Башкарма: Саламатсызбы.

Баяндоочу: Саламатчылык….

Башкарма: Мен жайыт комитетинин башкармасымын. Сууну көрөлү дегенбиз. Копуро курганы жатабыз.

Баяндоочу:Көпүрөбү? (каалаганы болуп жатканын түшүнүп) Бул жергеби?

Сурак: Көпүрө болушун каалабайсызбы?

Баяндоочу: Жок, жок! Албетте, каалайм! Эме…….

Башкарма: Келгиле көрүп келели.

*Чыгып кетишет. Башкарма карап турат.*

Антон: *(эпсиз)* Саламатсызбы. Менин атым Антон. «Жайыт жөнүндөгү» закон боюнча бир нече суроо берсем болобу?

Баяндоочу: *(эчки менен суйлошот-ичинен).* Менин оюмду эч ким уккусу келген эмес……. *(сыртынан-баары уккандай кылып)* Макул. Закон жөнүндө, ээ? Жайыт комитет түзгөн закон жөнүндөбү?

Антон: Ооба, 2009-жылдагы закон…... (*баяндоочу сөзун бөлөт*)

Баяндоочу: (*баягы документин кайра алып чыгат. Антондун бетине документти кармайт* ) Бул закон. Эмне жөнүндөгү закон? Бул закон эч нерсе жөнүндө айтпайт. Мына…… «Жергиликтуу башкарманын органы жайытты башкаруу жана колдонуу бийлигин малчылардын бирикмесине өткөрүп бере алат.» Кайсы орган?

Башкарма: Мен органмын…..

Баяндоочу: «Жайыт комитетинин башкаруучусу болуп жергиликтүү башкаруунун аткаруу органынын башчысы болот». Ооба, бул да жазылуу экен. Дагы эмне бар экен? Уккула. «Жайыт колдонуудан түшкөн төлөмдүн бир бөлүгү аны кароого, жакшыртууга жана жайыттарды жана жайыттар инфраструктурасын өнүктүрүүгө жумшалат».

Башкарма: Көпүрөчү? Ал эмне инфраструктура эмеспи?

Баяндоочу: Ооба, бул инфраструктура. Бирок көпүрө кайда? Бул законго көп жыл болду, а көпүрө-бул дагы эле ойдо. Эчкилер суудан өтө албай жатышат.

Антон: А сиз малыныз учун төлөмдү төлөп жатасызбы?

Баяндоочу: Ооба! Жакшы эле төлөп жатам, мен эчкилерди акча менен бага алмакмын. Жайыт инфраструктурасы жок биякта. Комитет көрүнбөйт.

Башкарма: Азыр көрүп жатпайсызбы! Көпүрө куруу, жол жасоо жана башкалар бул оңой иш эмес. Биздин бюджетте акча аз, бирок андан да башкысы-биз фермерлердин колдоосу жетишсиз. Силерге бир нерсе керекпи? Айткыла. Бир нерсе түшүнүксүзбү? Сурагыла.

Баяндоочу: Макул, мен сурайын. Мен сизди бул жерден кетип, көпүрө менен келишиңизди суранам. Бир нерсе менен келиңиз.Бул сиздин иштеп жатканыңызды көрсөтөт.

Башкарма: Бул туура эмес. Бул биздин ишибиз. Көпүрө өзү эле курулуп калбайт.Бул баарыбыз биргелешкен максатыбыз. Биз, жайыт комитет, ресурстарды кантип бөлүштүрүүнү чечебиз. А силер, малчылар, бизге маалымат бересинер. Силер сурасаңар, биз аны аткара алабыз. Бул кызматташтык. Ушинтип көпүрө курулат.

Сурак: Шеф, кеч болуп кетти. Кетишибиз керек.

Башкарма: Тааак….*(Кетет. Сурак менен Антон анын артынан кетишет).*

Антон: Рахмат!

Баяндоочу: Эч нерсе эмес.

*Узак пауза. Баяндоочу терең ойдо. Отурат, эчкилерин жана көрүүчүлөрдү карайт.*

Башкарма: "*Ушинтип көпүрө курулат* " деди.*(Эчкилердин башчылары анын жанынан сахнанын бир жагынан экинчи жагына өтүшөт. Баяндоочу ушул убакыт менен жомок ортосундагы байланышты табат)* Чоң атам айткандай эле. Көпүрө куруудагы кызматташтык. Биз өзүбүз күнөлүүбүз го. Сүйлөшүп турушубуз керек.(*Эчкилерин карайт*) Элдер менен сүйлөшүп турушубуз керек. *(Көрүүчүлөрдү карайт, башын ийкейт)*

**Аягы**